КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
МАМЛЕКЕТТИК
КАДР КЫЗМАТЫ

ГОСУДАРСТВЕННАЯ
КАДРОВАЯ СЛУЖБА
КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

STATE PERSONNEL SERVICE OF THE KYRGYZ REPUBLIC

720040, Бишкек ш., Чуй, 122
тел.: +(996-312) 620405
факс: +(996-312) 620310
e-mail: mamkyzmat@mkk.gov.kg
http://www.mkk.gov.kg

720040, г. Бишкек, ул. Чуй,122
тел.: + (996-312) 620405
факс: + (996-312) 620310
e-mail: mamkyzmat@mkk.gov.kg
http://www.mkk.gov.kg

122, Chui Str., Bishkek, 720040
tel.:+ (996-312) 620405
fax:+ (996-312) 620310
e-mail: mamkyzmat@mkk.gov.kg
http://www.mkk.gov.kg

22.01.2019 № 10-1/55

На № ____________ от ________________

# КИРГИЗҮҮ АКТЫСЫ

**Чолпон Шабданбаевна Абдырамановanын “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутуу боюнча мамлекеттик саясат” темасында жүргүзгөн изилдөөнүн жыйынтыктарын иш жүзүндө ишке ашыруу боюнча**

Ч.Ш. Абдыраманова “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерди окутуу боюнча мамлекеттик саясат” темасында жүргүзгөн диссертациялык изилдөөсүнүн натыйжалары актуалдуулукка ээ, ошондой эле теориялык гана эмес, практикалык да жактан да маанилүү экендигин тастыктайбыз. Изилдөө, инновациялык ык-амалдар жана өлкөнү санариптештирүүнү эске алуу менен, мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатында кайрадан даярдоо жана квалификацияны жогорулатуу системасын жакшыртуу, аны мындан ары өнүктүрүү муктаждыгы боюнча жүргүзүлгөн. Анын жүрүшүндө алынган сунуштар жана тыянактар мамлекеттик жарандык кызматкерлерди жана муниципалдык кызматкерлерди, ошондой эле саясий кызмат ордуна ээ болгон жарандарды окутуу боюнча мамлекеттик саясаттын маңызына жооп берет.

Ч.Ш. Абдыраманова диссертациялык изилдөөсүнөн алган илимий натыйжалар мамлекеттик башкаруу жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатындагы окутуу системасын өнүктүрүү жана жакшыртуу боюнча мыйзам чыгаруучу жана башка нормативдик-укуктук актыларды иштеп чыгуучу мамлекеттик органдар жана мекемелер менен өз ара кызматташуунун, көп жылдык иш алып баруунун натыйжалары болуп саналат. Ч.Ш. Абдыраманова иш тобунун мүчөсү катары Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык

Scanned by CamScanner

кызмат жөнүндө" Мыйзамын; "Инсан" аталышындагы "2019-2024-жылдарга карата Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жаатында окутуу системасын жакшыртуу программалары" долбоорун иштеп чыгууга катышкан.

Ч.Ш. Абдыраманова директор катары жыл сайын мамлекеттик тапшырыкты аткаруу ишин уюштурат. Мындан сырткары, 2013-жылдан тартып жыл сайын мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлер үчүн JDS-MBA "Адам ресурстарынын потенциалын өнүктүрүү боюнча стипендиялык программасын" ишке ашыруу үчүн аталган программанын стипендианттарын даярдоо боюнча машыктыруучу катары катышып келет.

2018-жылы Ч.Ш. Абдыраманова жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, ошондой эле райондук мамлекеттик администрациялардын 540 жетекчисин окутуу боюнча тренингдерди уюштурууга жана өткөрүүгө жигердүү катышкан.

**Директор** **А.К. Мадумаров**

Scanned by CamScanner